**Кыргыз Республикасы**
**Жалал-Абад облусу**
**Сузак району**
**Кыз-Көл айыл аймагынын**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
**Индекс 30262588 Чымчык-Жар айылы**
**Т.Сатаров көчөсү 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

**Кыргызская Республика**
**Жалал-Абадская область**
**Сузакский район**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Кыз-Кольского айылного аймака**
**Индекс 30262588 село Чымчык-Жар**
**Улица Т.Сатарова 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

---

# ТОКТОМ

**19-февраль 2026-жыл** **Чымчык-Жар айылы**

**Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги IX сессиясынын**

**№ 1- токтому**

**“2026-жылдын 1-январына карата калган**
**эркин калдык акча каражаттарын бөлүү жөнүндө”**

Кыз-Көл айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы менен СЭӨБ башчысынын жана айыл аймагынын айылдык кеңешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын маалыматтын угуп жана талкуулап Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык Кеңеши IX сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1**.Кыз-Көл айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 1-январына жергиликтүү бюджеттин калган 5569,6 миң сом калдыктан, 2025-жылда түзүлгөн келишимдердин негизинде каржыланбай калган милдеттемелер 424.6 миң сом өлчөмүндө №1 тиркемеге ылайык, ал эми 5145.0 миң сом өлчөмүндөгү эркин калдыктын чыгымдары №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2**.Атайын каражаттан 2026 жылдын 1- январына калган 255.6 миң сом өлчөмүндөгү калдык Кыз-Көл айыл өкмөтүнө караштуу “Күн балдары”, “Жоогазын”, “Жетиген”, “Айкөл-Бир” балдар бакчасында тарбияланып жаткан балдарга тамак-аш алууга багытталсын.

**3.**Акча каражатын бөлүп берүү жагы айыл өкмөтүнүн СЭӨБ башчысы Б.Байзаковага милдеттендирилсин.

**4.**Токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине жайгыштыруу жагы Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин жооптуу катчысы К.С.Мурзакматовго милдеттендирилсин.

**5**.Токтомдун аткарылышы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Жумабаевге милдеттендирилсин.

**Төрага:** **К.Кушбаков**